К.Шопокова

атындагы №3 орто мектеп-лицейи

**Социалдык педагог**

Ыманбекова Нурзаданын 2021-2022-окуу жылынын

жылдык анализи

Сокулук 2022

## 2021-2022-окуу жылынын анализи

К.Шопокова атындагы №3 орто мектеп-лицейинин социалдык педагогу 2021-2022-окуу жылында мектеп администрациясы, ИДН, социалдык кызматкерлер жана класс жетекчилер менен биргеликте иш алып барды. Окуучулар арасындагы ар кандай тартип бузууларды жана өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулукту алдын алуу боюнча мектептин тарбия иштери боюнча организаторлору Абдурахманова А.М, Молдаширова А.А. жана ИДН Тунгучбекова А.Т.менен тыгыз иш алып барылды. Окуу жыл ичинде Сокулук райондук билим берүү бөлүмү тарабынан пландалган райондук семинарларга катыштык.

2021-2022-окуу жылында негизинен төмөнкү маселелер боюнча иш жүргүзүлдү:

1. Сабакты көп калтырган балдар;
2. Көйгөйлүү үй-бүлөлөр;
3. Документи жок балдар;
4. Өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулукту алдын алуу;
5. Психолог менен иштешүү.

### 1. Сабакты көп калтырган балдар;

Сабактарын себепсиз калтырган окуучулар боюнча класс жетекчилери, организатор жана ИДН менен чогуу үйлөрүнө рейд жүргүзүлдү. Ата-энелеринен жана окуучунун өзүнөн түшүнүк кат жазылып алынды.

Балдардын сабактарына келбей жаткандыгынын бирден-бир себеби алардын үй-бүлөлөрүндөгү көйгөйлөр болууда. Төмөндө каттоого алынган окуучулардын дээрлик бардыгынын тигил же бул негизде социалдык-экономикалык абалы начар үй-бүлөлөр. Натыйжада балдарына көзөмөл жок болгондуктан алардын сабактарга болгон кызуугусу төмөн же такыр эле жок болууда десек болот. Мектепке келбеген окуучулардын бардыгынын ата-энесини же болбосо мыйзамдуу өкүлү тарабынан көзөмөл жана мектеп менен байланыш жок болууда.

| № | Ф.И.О | Класс | Ата-энеси | Класс жетекчиси | Адреси |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Жалиев Шерболот | 4-а | Жөжөева Гүлдесте | Осмоналиева З.А. | Белинская, б/н |
| 2. | Нисторенко Рамина | 5-е | Янышева Аза | Касымова Н.А. | Свердлова, 68 |
| 3. | Казакбаева Зарина | 8-в | Шерримбекова Гүлзина | Жумабекова А.Б. | Советская, 200/29 |

**2. Көйгөйлүү үй-бүлөлөр;**

Көйгөйлүү үй-бүлөлөр (Неблагополучные семьи) деп –үй-бүлөлүк жана ата-энелик милдеттерин аткарбастан, коомго тартиби, билими жана инсандык өнүүгүсү жагынан артта калган балдардын өсүшүнө себеп болгон үй-бүлөлөрдү айтабыз.

2021-2022-окуу жылында К.Шопокова атындагы №3 орто-мектеп лицейинде бул маселе боюнча 2 үй-бүлө каттоодо турду.

Нисторенко Рамина 5-е классынын окуучусу. Сокулук айылындагы Свердлова, 68 дарегинде жашайт. Үй-бүлөсү толук эмес. Азыркы учурда апасы, байкеси, жеңеси болуп жашайт. Улуту цыган. Апасынын жана байкесинин туруктуу жумуштары жок. Раминанын үй-бүлөсү тарабынан көзөмөл болбогондуктан сабакты көп калтырат. 2020-2021-окуу жылында Рамина ден соолугуна байланыштуу дээрлик мектепке келип окуган жок. Тиешелүү справкаларын көрсөтүштү. Сабак билүү деңгээли төмөн. Рамина боюнча биз Сокулук районундагы Өспүрүмдөрдүн иши боюнча атайын комиссияга кайрылып, 2022-жылдын 11-майында каралган. Ал жерден ден соолугуна байланыштуу билим алуусун үйдөн улантуу мүмкүнчүлүгүн кароо үчүн үйүнө кайрадан рейд жүргүзүүнү сунушташкан. 12-майдагы рейд учурунда комиссия мүчөлөрү мугалимдердин үйдөн келип окутуусуна мүмкүнчүлүк жок экендигин көрүшкөн.

Мурзакулов Өмүрзак 8-б класстын окуучусу. Сокулук айылына караштуу Ленина, 218 дарегинде таятасы, карындашы болуп жашайт. Апасы 2 жылдан бери Россияда эмгек мигранты. Үйдө көзөмөл болбогондуктан сабакты көп калтырат, акыркы учурларда окуусу, тартиби начарлады. Кечинде эшикке көп чыгат. Таятасы менен мамилеси жакшы эмес. Соцпедагог жана класс жетекчиси Өмүрзак менен күнүгө тиешелүү иштерди жүргүзүп дайыма көзөмөлдөп турушту. Акыркы убактарда сабактарын көп калтырбай, окууларында да жылыштар болду.

Жаңы окуу жылында бул үй-бүлөлөр дайыма көзөмөлдө болот.

3. **Документи жок балдар;**

К.Шопокова атындагы №3 орто-мектеп лицейинде окуган 3 окуучунун ар кандай үй-бүлөлүк себептерден улам документтери (туулгандыгы тууралуу күбөлүк) жок болчу. Окуу жыл ичинде 5-А класстын окуучусу Касымалиева Айдана документин алды. Жаңы документ боюнча Касымалиева Айдана, Маткеева Айдана деп өзгөртүлгөн.

Жаңы окуу жылында төмөндөгү балдардын документтери боюнча иш жүргүзүлөт.

| № | Аты-жөнү | Класс | Дареги | Ата-энеси | Себеби | Жыйынтык |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Берников Григорий | 4 класс | Калинина, 216 | Берникова Валентина | Ата-энесинин документи жок | Иш жүргүзүлүп жатат |
| 2. | Кубан у. Айжигит | 3 класс | Белинская, б/н | Жожоева Гулдесте | Алган эмес | Иш жүргүзүлүп жатат |

4. **Өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулук боюнча жүргүзүлгөн түшүндүрүү иштери:**

Акыркы убактарда өспүрүмдөр тактап айтканда мектеп жашындагы балдар катышкан мыйзамсыз иштер көп болууда. Мындай иштерди алдын алуу үчүн тиешелүү мекемелердин кызматкерлери менен түшүндүү иштери жүргүзүлүп турду.

2021-2022-окуу жылында К.Шопокова атындагы №3 орто мектеп-лицейинин окуучулары тарабынан одоно тартип бузуулар катталган жок. Жалпы окуучуларга айрыкча эркек балдарга рекетчичилик, ар кандай терс көнүмүш адаттар(тамеки, алкоголдук ичимдиктер ж.б) боюнча ИДН менен биргеликте лекциялар окулду. Айрыкча 9-10-11-класста окуган эркек балдар менен атайын жолугушуулар уюштурулду. Мындан сырткары жолдо жүрүүнүн эрежелери, темир жол коопсуздугу боюнча да түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

5. **Психолог менен иштешүү**

2021-2022-окуу жылында психологиялык кеп-кеңешке муктаж болгон окуучулар менен өз убагында жеткиликтүү иштерди жүргүзүү аракеттери көрүлдү. Мектепте атайын адис жок болгондуктан Сокулук районундагы Үй-бүлөнү жана балдарды колдоо борборунун психологдору жана Бишкек шаарындагы “Данакер” кризистик борборунун психологдору менен иш алып бардык. Жалпысынан бул окуу жылда 8 окуучу психологго кайрылып, тиешелүү жардамдарды алышты. Алар негизинен үй-бүлөлөрүндө болуп жаткан көйгөйлөрдөн улам кайрылышкан.

**Жүргүзүлгөн рейддер жөнүндө маалымат.**

| № | Аткарылган иштер | ИДН менен | Соц.кызматкер менен | Организатор менен | Кл.жетек. менен | Соц.пед | Жыйынтык |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Сабакка келбеген балдардын үйлөрүнө жүргүзүлгөн рейд | 4 | - | 4 | 3 | 4 | 15 |
| 2. | Көйгөлүү үй-бүлөлөргө жүргүзүлгөн рейд | 5 | 2 | 5 | - | 2 | 12 |
| 3. | Компьютердик клубга жүргүзүлгөн рейд | 3 | - | 3 | 2 | 5 | 10 |

15.06.2022

Соц.педагог _________________________ Ыманбекова Н.Ы